Бекитемин

Мектеп директору __________ Карымшаков М.Ж

1.09.2022-ж

## Химиялык кабинеттиндеги иштөөнүн техникалык коопсуздук эрежелери

Көпчүлүк химиялык заттар уулуу, жегич келет, күйгүзүп жибериши мүмкүн. Кээ бир заттар оңой от алат же жарылып кетүү коркунучун туудурат. Ошондуктан заттар менен иштегенде коопсуздук техника эрежесин так сактоо керек. Алар баяндалып жазылгандар тууралуу ар бир химиялык кабинетте бар, кээ бирлери менен кыскача таанышып өтөбүз.

1. Затты кол менен кармап, алардын даамын татып тек-шерүүгө болбойт.

2. Заттын жытын билүүдө идишти бетке жакын алып барбоо керек, буулар жана газдар дем алуу жолдорун дүүлүк-түрүшу мүмкүн. Жытты билүү үчүн идиштин оозунан алакан менен бетти көздөй желпүү керек.

3. Мугалимдин көрсөтмөсү жок өзүңөргө белгисиз заттарды аралаштырбагыла.

4. Тажрыйбаларды аткарууда заттын аз үлүштөрүн алып пайдалангыла. Эгерде лабораториялык иштердин түшүндүр-мөсүндө берилген заттан анча-мынча алуу сунуш этилсе, анда катуу заттан болжол менен чай кашыктын 1/4 бөлүгүн, ал эми суюктуктан 1-2 мл алуу зарыл.

5. Кислоталар жана щелочтор менен иштегенде өзгөчө этият болгула. Алар жегич келишет. Эгерде кокустан кислота же щелочь колго же кийимге тийип калса анда аларды сууну мол агызып дароо жуугула.

6. Кислоталарга сууну кошкондо дайыма төмөндөгү эрежени эсиңерге сактагыла: кислотаны сызылтып, сууга жай куюп, сууну акырын аралаштырып туруу керек, тескерисинче жасоого болбойт (1.2-сүрөт).

7. Дайыма лабораториялык таза идишти жана дистирленген сууну гана пайдалангыла.

8. Заттардын калдыктарын таза заттар салынган идиштерге салбагыла жана куйбагыла.

9. Спирт шамын жана электр ысыткычтарын пайдаланып иштөөдө төмөндөгү эрежени сактагыла:

- Спирт шамын күйгүзүү үчүн күйгөн ширеңкени спирт шамынын оозуна алып келгиле.

- Спирт шамын пайдаланганда аны башка спирт шамынан күйгүзүүгө болбойт, анткени спирт куюлуп кетип, өрт чыгышы мүмкүн.

- Спирт шамынын жалынын өчүрүү үчүн, аны калпагы менен жабуу керек.

10. Электр ысыткычын тармакка кошуудан мурда, анын зымдарынын изоляциясын, зыянга учурабагандыгын текшергиле.

11. Эгерде электр ысыткычын тармакка кошкон убакта ысыганы билинсе, бул жөнүндө мугалимге билдиргиле.

12. Электр ысыткычы менен иштөөдө анын булганышына жол бербегиле.

. Ишти аяктагандан кийин электр ысыткычын тармактан сөзсүз чыгарып койгула.